геометрия жаатындагы чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн ЖИ тармагында заманбап изилдөөлөрдү жүргүзүү сунушталат.

**Адабияттар:**

1. Анциферова, А. С. Искусственный интеллект как область науки [Текст] / А. С. Анциферова // Актуальные проблемы науки и образования в условиях современных вызовов. - М.: Печатный цех, 2023. - С. 47-53.

2. Жасалма интеллекттин түрлөрү. [Электронный ресурс] - Режим доступа: https://factcheck.kg/ky/ iskusstvennyj-intellekt-po-kyrgyzski-kak-razvivaetsya-ii-v-kr/- Загл. с экрана.

3. Как можно использовать инструмент обучения на базе искусственного интеллекта для улучшения преподавания геометрии?

[Электронный ресурс] -Режим доступа: https://typeset.io/questions/how-can-ai-supported-learning-tools-be-used-to-enhance-1hzosy6rs1 - Загл. с экрана.

4. Алыбаев, К. С. Планиметрия курсун интерактивдүү окутуу [Текст] / К. С. Алыбаев, М. А. Пахирдинов. - Жалал-Абад, 2012. - 225 б.

5. Сысоев, П. В. Искусственный интеллект в образовании: осведомлённость, готовность и практика применения преподавателями высшей школы технологий искусственного интеллекта в профессиональной деятельности [Текст] / П. В. Сысоев // Высшее образование в России. - 2023. - Т. 32. - № 10. - С. 9–33.

6. Биймурсаева, Б. М. Классификация цифровых образовательных ресурсов [Текст] / Б. М. Биймурсаева, Р. Т. Турдумамбетов, Н. С. Мамбетова // Научная перспектива. - 2021. - № 9 (139). - С. 64-66

7. Мамбетова, Н. С. Геометрия сабагында санариптик окутуу ресурстарын колдонуу технологиясы [Текст] / Н. С. Мамбетова // Наука. Образование. Техника. - 2023. - №3. - 243-252-бб.

8. Мамбетова, Н. С. Использование цифровых ресурсов на уроках геометрии [Текст] / Н. С. Мамбетова, Т. И. Анисимова // Общество: социология, психология, педагогика. - 2023. - № 8. - С.136-143.

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-58-232-237
УДК: 811.111(07)

***Гапарова Г. И.,*** *аспирант,*
*Gaparova8282@mail.ru*
*ORCID: 0009-0000-3715-5573*
***Сыдыкова Т. М.,*** *пед. илимд. канд.,доцент*
*А .Ж. Мырсабеков ат. ОшМПУ*
*Ош ш., Кыргызстан*

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУНУН ИННОВАЦИЯЛЫК МЕТОДДОРУ

*Бул макала башталгыч класстарда англис тилин окутуунун инновациялык методдорун талдоого багытталган. Макалада балдардын тилди үйрөнүүсүндө оюндардын, интерактивдүү иш-аракеттердин, технологиялык каражаттардын, долбоордук иш-аракеттердин, технологиялык каражаттардын, ролдук оюндардын жана түшүндүрмө видеолордун ролу кеңири каралат. Инновациялык методдордун ар биринин максаты жана колдонуу жолдору мисалдар менен баяндалып, алардын натыйжалуулугу жөнүндө маалымат берилет. Макала башталгыч класстарда англис тилин үйрөтүү процессин кызыктуу жана эффективдүү*

*кылуунун жолдорун изилдейт жана педагогдорго практикалык сунуштарды берет. Бул макалада башталгыч класстарда англис тилин окутууда колдонулуучу инновациялык методдор тууралуу сөз болот жана бул методдордун артыкчылыктары менен колдонуу жолдору талданат. Инновациялык методдор балдардын сабакка болгон кызыгуусун арттырып, тилди тез жана натыйжалуу үйрөнүүгө шарт түзөт. Алардын арасында оюндар аркылуу окутуу, интерактивдүү технологияларды колдонуу жана долбоордук иш-чараларды уюштуруу сыяктуу методдор өзгөчө популярдуу. Бул методдор балдардын окууга болгон кызыгуусун арттырып гана тим болбостон, алардын креативдүүлүгүн жана сынчыл ой жүгүртүүсүн да өнүктүрөт.*

***Түйндүч:*** *когнитивдик, инновациялык, эффективдүү, метод, долбоор, технология, заманбап, процесс, интерактивдүү, продуктивдүү, контекст, карточка.*

***Гапарова Г. И.,*** *аспирант*
*Gaparova8282@mail.ru,*
*ORCID:0009-0003-7812-0440*
***Сыдыкова Т. М.,*** *канд. пед. наук, доцент*
*ОшГПУ им. А. Ж. Мырсабекова*
*г. Ош, Кыргызстан*

## ИННОВАЦИОННЫЕ МЕТОДЫ ПРЕПОДАВАНИЯ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

*Данная статья посвящена анализу инновационных методов преподавания английского языка в начальной школе. В статье подробно рассматривается роль игр, интерактивных занятий, технологических пособий, проектной деятельности, технологических средств проектной деятельности, ролевых игр и пояснительных видеороликов в обучении детей языку. Описываются цель и способы использования каждого из инновационных методов с примерами, а также приводятся сведения об их эффективности. В статье исследуются способы сделать процесс преподавания английского языка в начальных классах интересным и эффективным, а также даются практические предложения педагогам. В данной статье рассматриваются инновационные методы, используемые при обучении английскому языку в начальных классах, а также анализируются преимущества и способы использования этих методов. Инновационные методы повышают интерес детей к урокам и дают возможность быстро и эффективно выучить язык. Среди них особой популярностью пользуются такие методы, как обучение через игры, использование интерактивных технологий и организация проектной деятельности. Эти методы не только повышают интерес детей к обучению, но и развивают их творческие способности и критическое мышление.*

***Ключевые слова:*** *познавательный, инновационный, эффективный, метод, проект, технология, современный, процесс, интерактивный, продуктивный, контекст, карта.*

***Gaparova G. I.,*** *graduate student of OshMPU.*
*Gaparova8282@mail.ru*
*ORCID: 0009-0003-7812-0440*
***Sydykova T. M.,*** *scientific supervisor: cand. ped. of science, associate professor*
*Osh MPU named after A. Zh. Myrsabekov*
*Osh, Kyrgyzstan*

## INNOVATIVE METHODS OF TEACHING ENGLISH IN PRIMARY SCHOOLS

*This article is devoted to the analysis of innovative methods of teaching English in primary school. The article examines in detail the role of games, interactive activities, technological aids, project activities, technological means of project activities, role-playing games and explanatory videos in teaching children a language. The purpose and use of each of the innovative methods are described with examples, and information about their effectiveness is provided. The article explores ways to make the process of teaching English in primary grades interesting and effective, and also provides practical suggestions for teachers. This article discusses innovative methods used in teaching English in primary grades and analyzes the benefits and ways of using these methods. Innovative methods increase children's interest in lessons and provide an opportunity to learn the language quickly and effectively. Among them, such methods as learning through games, using interactive technologies and organizing project activities are especially popular. These methods not only increase children's interest in learning, but also develop their creativity and critical thinking.*

***Keywords:*** *cognitive, innovative, effective, method, project, technology, modern, process, interactive, productive, context, cards.*

**Киришүү.** XXI кылым бүткүл дүйнөнү ааламдашуу доорунун кучагына тартып жаткан учурда, англис тилине болгон кызыгуу да, ага болгон суроо-талаптар дагы күн санап жогорулап жатканы баарыбызга эле белгилүү деп ойлойбуз. Бул проблеманын үстүндө дүйнө өлкөлөрүнүн миңдеген чыгаан илимпоздору, ар түрдүү тармактардагы окумуштуулары, тажрыйбалуу педагогдору илимий-усулдук жана башка практикалык түрдөгү изилдөө иштерин жүргүзүп келишүүдө [3]. Бүгүнкү глобалдашкан дүйнөдө англис тилин билүү ар бир адам үчүн маанилүү болуп калды. Анын эл аралык тил катары ролу өсүп, билим берүү системасында да өзгөчө орунга ээ болууда. Өзгөчө, башталгыч класстарда англис тилин үйрөнүү окуучулардын тилди оңой өздөштүрүшүнө жана келечекте эл аралык деңгээлде атаандаштыкка жөндөмдүү болуусуна өбөлгө түзөт. Башталгыч класстарда англис тилин окутуу билим берүү системасынын негизги бөлүгү болуп саналат, анткени бул курактагы балдар тилди эң оңой жана натыйжалуу өздөштүрүшөт. Ошондуктан мугалимдерге жана билим берүү мекемелерине англис тилин окутуунун жаңы, инновациялык методдорун киргизүү өтө маанилүү.

Бул макалада башталгыч класстарда англис тилин окутуунун инновациялык методдорунун теориялык жана практикалык аспектилери каралып, алардын натыйжалуулугу жана колдонуу жолдору талдоого алынат. Макаланын негизги максаты – бул методдорду кеңири жайылтуу жана алардын практикалык колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү, башталгыч класстарда англис тилин окутууда инновациялык методдордун маанилүүлүгүн жана эффективдүүлүгүн изилдөө. Макалада бул методдордун кандайча колдонуларын, алардын артыкчылыктарын жана балдардын тилди үйрөнүү процессине тийгизген таасирин талдоо пландаштырылууда. Ошондой эле инновациялык методдордун теориялык негиздери, аларды практикада колдонуу жолдору жана бул методдорду колдонуудагы мүмкүн болгон кыйынчылыктар талдоого алынат. Макаланын актуалдуулугу билим берүү системасындагы заманбап өзгөрүүлөр жана технологиялардын тез өнүгүүсү менен байланыштуу.

Бүгүнкү күндө инновациялык методдорду колдонуу билим берүүдө эң актуалдуу багыттардын бири болуп саналат. Инновациялык методдордун колдонулушу менен мугалимдер окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырып, алардын тилди натыйжалуу өздөштүрүшүнө шарт түзүшөт. Мындан тышкары, заманбап технологиялардын жана интерактивдүү окутуу каражаттарынын пайда болушу менен башталгыч класстарда англис тилин окутуунун жаңы мүмкүнчүлүктөрү ачылды. Бул методдор балдардын креативдүүлүгүн, сынчыл ой жүгүртүүсүн жана өз

алдынчалуулугун өнүктүрөт. Инновациялык методдор мугалимдерге окуу процессин жандуу жана кызыктуу кылууга жардам берет. Инновациялык методдор – бул билим берүү процессинде жаңы жана креативдүү ыкмаларды колдонуу аркылуу окутуунун сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган ыкмалар. Бул методдор окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырып, алардын билимди тез жана натыйжалуу өздөштүрүшүнө шарт түзөт.

Башталгыч класстарда англис тилин үйрөтүүдө оюндардын жана интерактивдүү иш-аракеттердин мааниси чоң. Балдардын жогорку деңгээлдеги кызыгуусун жана катышуусун камсыздоо үчүн окутуу процессинде оюн элементтерин киргизүү зарыл. Оюндар жана интерактивдүү иш-аракеттер балдар үчүн жаратылыштан да кызыктуу жана жандуу болгондуктан, балдарды жаңы тилди үйрөнүүгө шыктандырат жана тилин өнүктүрөт. Оюндар балдардын мотивациясын көтөрүп, сабакка болгон кызыгуусун арттырат. Оюн учурунда балдар өздөрүн эркин сезип, тилди табигый жана ырааттуу түрдө өздөштүрүшөт. Бул ыкма балдардын сүйлөө, угуу, жазуу жана окуу көндүмдөрүн жакшыртууга жардам берет. Ал үчүн англис тилин балдарга үйрөтүүдө бир нече инновациялык методдорду колдонууда оюндардын ролу чоң. Бир нече методикалык оюндарды карап кетсек болот. Мисалы: **Simon Says,** бул америкалык оюн абдан жөнөкөй. Мугалим оюнду баштардан мурун балдарга оюндун шарттарын толугу менен түшүндүрөт. Андан соң балдар мугалимдин айткандарын аткарышат. Оюнда мугалим, мисалы, “arm” “кол” десе, балдар баары колдорун бийик көтөрүп көрсөтүшөт. “finjer” “манжа” десе, балдар манжаларын көрсөтүп баштайт. Себеби балдар буга чейин ал сөздөрдү жатташкан. Ошондуктан балдардын эс тутумун жакшыртат жана унутпай турган болуп өздөштүрүшөт. Балдардын угуу жана буйруктарды түшүнүү жөндөмүн жакшыртат. Окуучулар мугалимдин "Simon says" деп айтканына жараша кыймылдарды аткарышат. Бул оюн алардын угуу көндүмдөрүн жана көңүл топтоо жөндөмүн өнүктүрөт. Башталгыч класстын балдары үчүн абдан маанилүү жана керектүү усулдардын бири болуп саналат [2].

**Hangman** оюну өтүлгөн тема боюнча ойнотулат. Оюндун жүрүшүндө 1) теманы тандашат, 2) сөздөгү тамгалардын санын алышат, 3) сөздү тамга менен табышат, 4) эгер бала сөздү тапкан болсо, упай берилет. Ошондо бул оюн балдардын сөз казынасын кеңейтет жана орфографиялык көндүмдөрүн жакшыртат. Окуучулар белгилүү бир сөздү таап чыгууга аракет жасашат, ал эми мугалим ар бир туура эмес тыбыш үчүн "адамды асып" баштайт.

**Flashcards,** бул кызыктуу флешкарта оюнун ар кандай лексиканы же тилди үйрөнүү үчүн колдонсо болот. Ар бир командадан бирден окуучу чыгып класстын алдына келет. Чыккан окуучулардын колуна сүрөтү бар карточкалар берилет. Окуучулар бири бирине карап туруп, ал сүрөткө мүнөздөмө беришет. Мында окуучулардын сүйлөө кебинин өсүшүнө жана да креативдүү ойлоосуна жардам берет. Карточкалар менен иштөө визуалдык элестөөлөрдү жана сөздөрдү тез үйрөнүүгө жардам берет. Мугалим карточкалардагы сүрөттөрдү жана сөздөрдү көрсөтүп, окуучулар менен бирге талкуулайт.

Интерактивдүү окутуу – бул мугалим менен окуучунун жана окуучу менен окуучунун мамилелерин активдештирген максаттуу пикир алышуунун процесси. Окутуу иши коллективдүү түрдөгү (мугалим - класстагы окуучулар), топтук (окуучу - окуучулар), жекече түрдө (окуучу - репетитор окуучу же мугалим жана башка) формаларда болуп, бардык учурда тең окуучу, сөзсүз, окутуу процессинде окутуучулук милдетти аткарат. Интерактивдүү иш-аракеттер – бул эки же андан көп тараптардын

активдүү катышуусун талап кылган процесс. Бул түшүнүк билим берүү, ишмердүүлүк, технология жана маданий байланыштар сыяктуу ар кандай контексттерде колдонулат [1].

Интерактивдүү такталарды колдонуу окуучуларды ар түрдүү иш-аракеттерге тартууга мүмкүнчүлүк берет. Мугалимдер ар кандай интерактивдүү программаларды жана куралдарды пайдаланып, сабактарды жандуу жана кызыктуу кылышат. Оюндардын жана интерактивдүү иш-аракеттердин натыйжалуулугу көптөгөн изилдөөлөрдө далилденген. Бул ыкмалар балдардын кызыгуусун арттырып, тил үйрөнүү процессин жеңилдетет. Окуучулар сабакка активдүү катышып, өздөрүнүн прогрессин көрүп, мотивациясы жогорулайт.

Интерактивдүү доска мугалимдерге тексттерди, сүрөттөрдү, видеолорду жана башка материалдарды бир убакта көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул ар түрдүү материалдар окуучулардын визуалдык жана аудиалдык таанымын жакшыртат. Мисалы, жаңы сөздөрдү үйрөтүүдө сүрөттөрдү, видеолорду колдонуу балдардын материалды жеңил өздөштүрүүсүнө жардам берет. Инновациялык методдордун башталгыч класстардын билим берүү процессинде колдонулушу бир катар артыкчылыктарды берет. Балдардын сабакка болгон кызыгуусун арттырат, сабакка болгон жөндөмүн жогорулатып, окуу процессине активдүү катышууга өбөлгө түзөт, тилди натыйжалуу өздөштүрүүгө шарт түзөт, креативдүүлүктү жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрөт. Топтук иш-аракеттер окуучуларды биргелешип иштөөгө жана бири-бири менен англис тилинде баарлашууга үндөйт. Окуучулар биргелешип тапшырмаларды аткарып, тилди практикалык жагынан үйрөнүшөт.

Башталгыч класстарда англис тилин окутууда оюндар жана интерактивдүү иш-аракеттер маанилүү роль ойнойт. Инновациялык методдор башталгыч класстарда англис тилин окутууну кызыктуу жана эффективдүү кылат. Бул методдор балдардын окуу процессине активдүү катышуусун камсыз кылып, алардын тил үйрөнүү жөндөмдөрүн өркүндөтөт. Мугалимдер ар кандай инновациялык ыкмаларды колдонуу менен балдардын кызыгуусун арттырып, аларды англис тилинде эркин сүйлөөгө жана түшүнүүгө даярдай алышат. Мугалимдер бул ыкмаларды колдонуу менен сабактарды кызыктуу жана натыйжалуу өтө алышат.

Англис тилин үйрөнүү бүгүнкү ааламдашуу доорунда, бир жагынан, татаал көрүнгөнү менен, экинчи жагынан, жеңил, ыңгайлуу жана натыйжалуу жолдору абдан көп. Анткени илим менен техниканын жетишкендиктеринин аркасында ар бир үйдө интернет байланышы бар. Ал эми интернетти туура пайдалануу чет тилин үйрөнүүдө эң чоң жардамчы болоруна шек жок. Атап айтканда, мейли, мектепте болсун, мейли, үйдө болсун, ар кандай интернет сабактарды пайдалануу менен англис тилин тиешелүү деңгээлде үйрөнүүгө түрткү болот десек, жаңылышпайбыз. Күн сайын окуп, билип жана канчалык деңгээлде англис тилин өздөштүргөнүңдү текшере да алуу мүмкүнчүлүгүнө (онлайн-тест аркылуу) ар барибиз ээ боло алабыз. Инновациялык методдор башталгыч класстарда англис тилин окутууда чоң мааниге ээ. Бул ыкмалар окуучуларга билимди тез жана натыйжалуу өздөштүрүшүнө чоң өбөлгө түзөт. Ошондуктан англис тилин окутууда жогорудагы мисал келтирген сыяктуу методдорду колдонуу азыркы билим берүү системасында абдан актуалдуу жана зарыл.

**Адабияттар:**

1. Brown, H.Douglas. Teaching by Principles: An interactive approach to language

pedagogy. 2014.
2. Турарова, Г. Ж. Англис тилин окутуунун инновациялык ыкмалары [Текст] / Г. Ж. Турарова. - Бишкек, 2015.
3. Шербаева, Ж. Р. Сабырдуулук сабактары [Текст] / Ж. Р. Шербаева. - Бишкек, 2016.
4. Окутуунун инновациялык технологиялары [Текст] // Илимий-методикалык журнал. - 2024. - №23.